# Качып кеткен “3”




Автор: Алла Пятибратова

Сүрөтчү: Алёна Дин

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Качып кеткен “**З**”

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Алёна Дин
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Качып кеткен “**3**” " (кыргыз тилинде), автору Алла Пятибратова, сүрөтчү Алёна Дин, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Сбежавшая тройка*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom





– Тимур математикадан “3” алдыңбы? – деп ачууланды апасы, уулунун күндөлүгүн карап.

– Анын эмнеси бар? Жакшы эле баа.

– Тимур, бул баа сен сабактарыңа жакшылап даярданбайт дегенди билдирет. Окуудан башка сенин маанилүү ишиң барбы?

– Албетте, бар! Азыр мен балдар менен футбол ойнойм.

– Эч кандай футбол деген болбойт! – деди үнүн катуу чыгарып апасы.




– Бирок, досторум күтүп жатышпайбы! – деп каршы болду Тимур. – Биз мектептик спартакиадага даярданып жатабыз.

– Адегенде, сен математикага жакшылап даярданып, “3”тү жоёсуң. Андан кийин, спартакиадага даярдана бер.

– Мен дарбазачымын да. Кантип команда менсиз даярданмак эле? Балдарга эмне деп айтам?

– Ушунтип эле айтасың! Адегенде, математика, анан – футбол! – деп кесе айтты апасы.




Тимур айтышуу туура эмес экенин түшүндү.

– Баары сенин айыңдан! Сен жаман баасың! Сенин кимге керегиң бар? Болгону, бир цифрасың! Топ – башка, ал маанилүү! – деди ал күндөлүгүн ачып, баасын муштуму менен зекип.

Тимур ушинтип күңкүлдөп сүйлөнүп, апасына билгизбей, мектептин стадионуна чуркады.




Тимур үйгө кечинде кайтып келди. Ата-энеси, карындаштары бак ичинде кечки тамакты ичип жатышкан. Ал көрүнбөй үйгө өз бөлмөсүнө кирип, уктап калды.

Эртең менен Тимурду атасы ойготту.

– Тур, спортсмен! Мектепке жөнөчү убакыт болду. Апаң сени “3” алды деп айтты. Аны жоюу керек!

Атасы күндөлүктү алып, барактай баштады.

– Эч кандай “3” жок го – деп күбүрөндү ал. – Болуптур, жуунуп, тамактанып алып мектепке чурка, кечинде сүйлөшөбүз.




Мектепке чейин автобус менен баруу керек. Тимур аялдамада туруп, ага керектүү автобустун номерин эстей албай койду.

– Айтып коёсузбу, мектепке кайсы автобус барчу эле? – деп бир эжеге сылык кайрылды.

– Сага кайсы мектеп керек эле, балакай? – деп сурады эже.

– Мен окуган мектептин номери... номери... – Тимур номерди эстей албай жатты.




Тимур ошондо коркуп кетти. Чын эле, ал бардык цифраларды унутуп таштадыбы?

– Бир, эки, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он...

Тимур тезинен онго чейин санады да, баары ордунда экен деп сүйүнүп кетти. Бирок ал бир цифраны калтырып кеткенин байкабай калды.

Тимур мектепке чейин жөө барууну чечти. Ошентип, сабакка кечигип келди. Ал мектептин фойесинде, азыр кирсемби же сабак аяктаганда кирсемби деп ойлонуп турду.





– Эй, бала, сен кайсы класста окуйсуң? – деп сурады кароолчу.

– Мен....мен..., экинчи жана төртүнчү класста эмес... – деди Тимур кекечтенип.

– Сенин классың кайсы кабинетте?

– Менин классым... классым... – деп, кайрадан мукактанып жатты Тимур, – Экинчи кабат менен төртүнчү кабаттын ортосунда.

Кароолчу таң калып, ийнин куушурду. Тимур өзүнүн классын көздөй жөнөдү.




– Саламатсыңбы, Тимур! Сен мурда эч качан кечикчү эмес элең? Кел, доскага, эсеп чыгарасың, – деди мугалими Фаина Шамильевна.

Тимур досканын жанында ары-бери баса берди. Балдар күлүп калышты.

Мугалими да таң кала карап турду.

– Сен эч бир мисалды чыгарган жоксуң го. Эмне болду?

Тимур эмне деп жооп берерин билбеди. Бардык күчү менен көз жашын чыгарбай карманып турду.



– Сен оюңду топтой албай жатасың... Эмки сабакта баары жакшы болот, – деди мугалим эже Тимурдун абалын түшүнүп.


Кечинде үйгө келгенде карындаштары кубанып тосуп алышты. Алар суу куйгуч менен жол жээгиндеги гүлдөрдү сугарып жатышкан экен.




– Бир карындашым... Эки карындашым... – деп санай баштады да, Тимур мукактанып туруп калды. Ал эң кичүү карындашын карап, аны кошуп эсептей албай койду. Ал анын канча жашка чыкканын да унутуп коюптур.

– "3"тү жойдуңбу? – деп апасы үйдөн чыгып сурады.

– Кайсы "3"? – деп таң калды Тимур.




Ошол замат Тимур эстей калды. Кечээ "3" деген баа албады беле! Аны катуу урушкандан кийин, "3" күндөлүктөн качып кеткен. Күндөлүктөн эле эмес, анын эс тутумунан жоголуп кеткен. “3”тү капа кылып койдум, кечирим сураш керек – деп чечти Тимур. Анан оюнда кечирим сурады.




– Ура, мен эми баарын эстедим! Автобустун номери –35, мектебимдин номери – 23, 3-класста, 3кабинетте окуйм! Менин 3 карындашым бар! Эң кенже карындашым 3 жашта! – деп кубанычтуу кыйкырды. – Ата, апа, "3" деген цифра кандай сонун!

– Бардык цифралар жакшы! – деди атасы, – "3" дагы сонун цифра. Бирок ал баа болгондо, анча жакшы болбой калат!

– Ал сага математиканы билбейсиң деп жатпайбы. Макулсуңбу? – деди апасы.

– Макулмун! – деди чечкиндүү түрдө Тимур, – Математиканы эми "5"ке окуйм. Менден мындан ары эч кандай цифра качпайт!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Алла Пятибратова

Сүрөтчү: Алёна Дин

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору

Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли